Таппадым жүрөсүз кай даректерде,
Карабай сүйүп жанган каректерге.
Сагынып көз жаш менен эстей берем,
Мен сизге жолукпашым керек эле.

Кор болбой айтпай келген сүйүү бизге,
Кор болдук күнөө сизде күнөө менде.
Бир өмүр азап чегип журбөш үчүн,
Мен сизди жактырбашым керек эле.

Бул өзү кайтар дүйнө башкалардын,
Көңүлүн оорутпашым мен керек эле.
Сезимсиз жеңил болмок балким жашоо,
Мен сизди унутушум керек эле...